**УДК: 327**

**Конгайтиева Гульжаз Анарбековна**
ОИӨК «Кыргызстан Эл Аралык университети»
«Эл аралык мамилелер» кафедрасынын
ага окутуучусу, guljaz75@mail.ru
**Конгайтиева Гульжаз Анарбековна**
УНПК «Международный Университет Кыргызстана»,
Старший преподаватель
кафедры «Международные отношения»,
**Kongaitieva Guljaz Anarbekovna**
ERPC "International University of Kyrgyzstan",
Senior lecturer of the department "International Relations"

# МАДАНИЙ – ГУМАНИТАРДЫК СФЕРАДАГЫ КЫРГЫЗ–АМЕРИКА МАМИЛЕЛЕРИНИН ӨНҮГҮШҮ

# РАЗВИТИЕ КЫРГЫЗСКО – АМЕРИКАНСКИХ ОТНОШЕНИЙ В КУЛЬТУРНО – ГУМАНИТАРНОЙ СФЕРЕ

# THE DEVELOPMENT OF KYRGYZ –AMERICAN RELATIONS IN CULTURAL – HUMANITARIAN SPHERE

***Аннотациясы:*** *Макалада маданий-гуманитардык сферадагы кыргыз-америка эки тараптуу кызматташтыгынын негизги багыттары кыскача каралат. Кыргыз-америка мамилелеринин негизги багыттары катары – билим берүү сферасындагы кызматташуу жана маданий-билим берүү чөйрөсүндөгү АКШнын мамлекеттик жана жеке программаларынын активдүү жүзөгө ашырылуусуна көңүл бурулган. Айрым бир саясий карама-каршылыктарга карабастан, эки өлкөнүн ортосундагы мамилелер көптөгөн обьективдүү себептер менен уланып келе жаткандыгы белгиленет.*

***Негизги сөздөр:*** *Тышкы саясат, эгемендүүлүк, АКШ, Борбордук Азия, дипломатия, регион (аймак), кызматташуу, геосаясат, маданият, билим берүү.*

***Аннотация:*** *В этой статье рассматривается культурные и гуманитарные сферы двусторонних взаимоотношений, так же представляет собой краткое изложение основных направлений кыргызско-американского сотрудничества. В качестве основных направлений сотрудничества в области образования и культурного образования Соединенных Штатов Америки обращают внимание на реализацию государственных и неправительственных программ. Несмотря на некоторые политические противоречия, США и Кыргызстан сотрудничают вопреки всем политическим обстоятельствам и по-прежнему имеют связи в культурно-гуманитарных отношениях.*

***Ключевые слова:*** *Внешняя политика: независимость, Соединенные Штаты Америки, Центральная Азия, сотрудничество, дипломатия, область (регион), геополитика, культура и образование.*

***Abstract:*** *This article examines the cultural and humanitarian spheres of bilateral relations, as well as a brief summary of the main directions of Kyrgyz-American cooperation. As the main areas of cooperation in the field of education and cultural education, the United States of America draws attention to the implementation of state and non-governmental programs. Despite some political contradictions, the US and Kyrgyzstan cooperate despite all political circumstances and still have ties in cultural and humanitarian relations.*

***Key words:*** *Foreign policy: independence, United States of America, Central Asia, cooperation, diplomacy, region (region), geopolitics, culture and education.*

Эгемендүүлүккө ээ болуп, эл аралык мамилелердин өз алдынча субьектисине айлануу менен Кыргызстан коңшу мамлекеттер, дүйнөлүк державалар жана дүйнөлүк коомчулуктун интеграциялык бирикмелери менен достук, өз ара пайдалуу мамилелерди курууну ишке ашырып келе жатат. Эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин,Кыргызстандын геосаясий абалы бир катар өлкөлөрдүн саясий жана экономикалык кызыкчылык сферасына айланды. Мындан сырткары Кыргызстан өзү да дүйнөлүк интеграциялык процесстерге аралашууга, эл аралык, регионалдык көйгөйлөрдү чечүүгө, өнүккөн цивилизациялуу мамлекеттердин катарынан орун табууга кызыктар.

Мындай жагдай Кыргызстан менен АКШнын ортосундагы эки тараптуу мамилелердин түзүлүшү жана өнүгүшү боюнча тажрыйбасын окуп-үйрөнүүнүн жана аларды жалпылоонун актуалдуулугун шарттап турат. АКШнын дүйнөлүк держава катары эл аралык саясаттагы ролу жана орду, Борбордук Азиядагы жүргүзүп жаткан тышкы саясаты,АКШнын Кыргызстандын тышкы саясатынын приоритеттүү багыттарына айлануусун шарттайт. Кыргызстандагы жүргүзүлүп жаткан социалдык-саясий кайра куруулар АКШ менен өз ара пайдалуу мамилелерди орнотууда мааниси чоң болду. Өз учурунда АКШ дагы Кыргызстан менен ар тараптуу кызматташууга кызыкдар экендигин белгилеп келет. АКШ администрациясынын жүзөгө ашырып жаткан “Чоң Борбордук Азия” долбоору Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Түркмөнстан жана Авганстан менен катар эле Кыргызстанды да өзүнө камтыйт. АКШнын Кыргызстанга геосаясий кызыгуусу бар экени талашсыз.

1993-жылы май айында Кыргызстандын Президенти А. Акаевдин АКШга расмий сапарынын жүрүшүндө Кыргызстан менен АКШ Өкмөттөрүнүн ортосунда Макулдашууга кол коюлган. Бул визит эки өлкөнүн ортосундагы саясий, экономикалык байланыштарды түзүүгө негиз болгон.

Белгилүү болгондой, АКШ биринчилерден болуп Кыргызстандын эгемендүүлүгүн таанылган мамлекеттердин катарына кирет жана 1991-жылдын 27-декабрында дипломатиялык мамилелерди түзгөн. 1992-жылдын 1-февралында Бишкекте АКШнын элчилиги ачылып, ал Кыргызстандагы чет элдик алгачкы дипломатиялык өкүлчүлүк болуп калган. Ошол эле жылдын май айында Кыргызстандын Вашингтондо элчилиги ачылган. Кыргызстандын жетекчилигинин либералдык жана демократиялык реформалары АКШ администрациясы тарабынан колдоого алынган. Эгемендиктик алгачкы жылдарында Кыргызстан демократялык, рыноктук реформаларды жүргүзүүдө Борбордук Азияда эле эмес, КМШ аймагында лидерлик позицияны ээлегендиги, АКШ тарабынан эң жакшы кабыл алынган.

АКШ өкмөтү өз тарабынан жана белгилүү финансы институттары аркылуу Кыргызстанга финансылык жана гуманитардык жардамдарды көрсөтүп, алардын жардамы менен өлкөнүн улуттук валютасы колдоого алынып турган. Кыргызстанга бир миллиард доллардан ашык өлчөмдө кайтарымсыз гранттар берилген.

2002-жылы февраль айындагы Кыргыз өкмөттүк делегациясынын АКШга сапарынын жүрүшүндө Кыргыз Республикасына демократия, экономика жана гуманитардык сфералардагы жүргүзүлүп жаткан реформаларды колдоого 49,9 млн. АКШ доллары өлчөмүндө жардам берүүү тууралуу Макулдашууга кол коюлган.

2001-жылы 11-сентябрдагы окуялардан кийин АКШнын администрациясы Кыргызстан менен болгон кызматташтыгында аймактык коопсуздукту жана эл аралык терроризмге каршы күрөштү күчөтүү максатында эл аралык “Манас” аэропортунда “Ганси” авиабазасын ачкан.

Эки тараптуу мамилелердин укуктук-келишимдик базасы ар кайсы деңгээлде болуп өткөн расмий визиттердин жүрүшүндө кол коюлган 20дан ашык келишимдер түзөт. Кыргызстан менен АКШнын ортосундагы саясий мамилелердин өнүгүүсүн түшүнүү үчүн төмөнкүлөрдү белгилей кетүү зарыл. АКШ мамлекетинин администрациясы тарабынан, Кыргызстан, экономикалык жана саясий реформаларды жүзөгө ашырууда бир топ ийгиликтерге жетише алган жаш көз карандысыз мамлекет катары каралат. Ошондуктан Кыргызстанда демократиялык институттарды түзүү жана бекемдөө алар үчүн да эки тараптуу

кызматташуунун маанилүү сферасы катары каралат. 2010-жылдын 7-апрелинен баштап Кыргыз Республикасы менен АКШнын эки тараптуу саясий кызматташтыгы активдешип, 2-октябрда АКШнын мамлекеттик катчысы Хиллари Клинтон. 2010-жылы Америка тарап менен Кыргызстандын жогорку деңгээлдеги жетишилген парламент аралык келишимдери АКШ конгрессинин "Ачык дүйнө" жана Конгресстин Өкүлдөр палатасынын "Демократия үчүн кызматташтык" программаларынын алкагында ишке ашырылган. 2012-жылы ар кайсы деңгээлдеги өкүлдөрүнүн көптөгөн расмий сапары болгон.

1992-жыдан 2003-жылдын август айына чейинки кызматташуу учурунда АКШнын Кыргызстанга көрсөткөн финансылык жардамынын жалпы көлөмү 700 млн. АКШ долларынан ашкан. АКШдан Кыргызстанга келип жаткан түз инвестиция туруктуу мүнөзгө ээ эмес. Маселен, 1995-жылдан тарта инвестиция өсүү жолунда болсо, 2003-жылдан тарта кыскарып кеткен. 2014-жылы болсо эки өлкөнүн ортосундагы товар жүгүртүүнүн көлөмү 237 млн. АКШ долларынан ашкан. Кыргызстан Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ичинде АКШдан эң көп жардам алган мамлекет болуп саналат. Чейрек кылым ичинде Кыргызстанга эки миллиард долларга жакын жардам көрсөтүлгөн. 2016-жылы эле АКШ тарабынан көргөзүлгөн жардамдын көлөмү 50 миллион АКШ долларын түзгөн[6].

Маданий-гуманитардык сфера – ЮСАИД, АКШ Тынчтык Корпусу, АКШ Китепканасы алдындагы "Ачык дүйнө", эл аралык билим берүү боюнча Америкалык Кеңеш ж. б. у.с. өкмөттүк жана өкмөттүк эмес уюмдардын ар түрдүү программаларынын алкагында жүзөгө ашырылып жаткан эки тараптуу кызматташуунун эң тыгыз аспектилеринин бири.

Эки өлкөнүн маданий кызматташуусу эки тараптуу мамилелердин маанилүү компоненти катары калууда жана бир топ натыйжалуу өнүгүүдө. Искусство жана музыка, китепкана иши сыяктуу маанилүү маданий сфераларда адистерди даярдоо, студенттер жана стажерлорду алмашуу боюнча эки тараптуу кызматташуу ийгиликтүү жүрүүдө.

Мисалы, АКШдагы Кыргыз Республикасынын элчилиги тарабынан акыркы мезгилде эле АКШ мамлекетинин өкүлдөрүнүн катышуусунда кыргызстандык кол өнөрчүлөр тарабынан жасалган буюмдардын,аялдардын улуттук кийимдердин көргөзмөсү, артисттердин, музыканттардын конкурстары, кыргызстандык балдардын,анын ичинде америкалыктар тарабынан асырап алынган кыргызстандык балдардын катышуусу менен балдар тарткан сүрөттөрдүн конкурсу уюштурулду. Элчилик 2013–2014-жыдары өткөрүлгөн "Элчиликтерге тур" иш чараларына катышып, анын жүрүшүндө Элчилик менен 4500 жана 8500 киши таанышышкан. Алар кыргыз элинин маданияты, каада-салттары менен таанышышкан[7].

Акыркы жылдарда кыргыз-америка эки тараптуу мамилелеринин өнүгүшүндө АКШдагы кыргызстандыктардын ар түрдүү коомдук бирикмелери жана ассоциациялары өзгөчө роль ойноодо. Кыргызстандыктардын бирикмелери балдар жана балдар үйлөрүн колдоого алуу, маданиятты жана каада-салттарды, спортту алдыга жылдыруу багытында ишке ашырылып жаткан түрдүү социалдык жана кайрымдуулук долбоорлорун жүзөгө ашыруу менен Кыргыз Республикасы менен АКШнын ортосундагы социалдык, гуманитардык, маданий жана экономикалык кызматташууну бекемдөөгө активдүү салым кошушууда[8].

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын АКШдагы элчилигинде Кыргыз Республикасынын 4000ден ашуун жараны каттоого алынган. Албетте, бул көрсөткүч Кыргызстандын АКШ жана Канададагы жарандарынын так санын бере албайт, себеби Элчиликке каттоого туруу өз эрки менен жүргүзүлөт. АКШдагы кыргызстандыктардын катарын негизинен окуучулар, студенттер, кызмат көрсөтүү тармактарында эмгектенишкен жумушчулардан түзөт. Алардын арасында дүйнөлүк белгилүү компанияларда, мекеме-уюмдарда иштеген

---

[6]https://rus.azattyk.org/

[7]Абдрисаев Б. Кыргызстан и США: новые горизонты сотрудничества//АКИ-press-2014- №10

[8]Кулматова Г.К. Отношения Кыргызстана с государствами Запада.-М.2014

жогорку квалификациялуу адистер, ошондой эле өз алдынча ишкерлик менен алектенишкен жарандарыбыз да бар[9].

Кыргызстанда, борбор азиялык башка мамлекеттерден айырмаланып, АКШ менен байланышкан (Улуттук демократиялык институт, Фридом Хаус, Сорос-Кыргызстан фонду, Эл аралык республикалык институт ж.б. у.с.) бир катар эл аралык фонддордун жана өкмөттүк эмес уюмдардын офистери жайгашып, алар бул же тигил деңгээлде саясий процесстерге тартылышкан. Кыргызстандык бейөкмөт уюмдардын ишмердүүлүгүнүн таасири аркасында аз санда болсо дагы батышчыл ой жүгүртө баштаган калктын катмарынын түзүлгөндүгү, ошондой эле батышчыл жашоо образын кыргыз коомунда кеңири таркай башташын алардын жасаган иштеринин жогорку натыйжалуулугунун көрсөткүчү катары белгилей кетүүгө болот. Республикада 50дөн ашык америкалык компаниялар жана фирмалар катталып, алардын басымдуу көпчүлүгү дистрибьютердик, ортомчулук же болбосо консультативдик ишмердүүлүк менен алектенишет[10].

АКШ биринчилерден болуп Кыргызстан менен билим берүү сферасында кызматташууга кызыкдар болгон мамлекет. 1997-жылы Бишкекте Кыргыз-америка университети ачылып (КАУ), 2002-жылы ал Борбор Азиядагы Америка университети болуп (БААУ) кайра аталып, жогорку билим берүүнүн эл аралык стандарттарына ылайык башкаруу жана уюштуруу системасына ылайык менен иш алып барат. 2015-жылы Бишкек шаарында БААУнун жаңы окуу имараты курулган. Мындан сырткары Чүй областынын Токмок шаарында америкалык типтеги дагы бир ЖОЖ – Борбор Азиянын Эл аралык университети иштеп келет.

Жогоруда белгилеп өткөндөй, АКШнын айрым менчик жана өкмөттүк уюмдары (ЮСАИД, АКШ Тынчтык Корпусу, АКСЕЛС,Сорос-Кыргызстан фонду ж.б.) Кыргызстандын алыскы аймактарында америкалык волонтерлор тарабынан англис тилин окутуу, стжировкадан өтүү боюнча ар түрдүү программалар, стипендия жана грант түрүндө республиканын мектептери жана жогорку окуу жайлары үчүн китептер жана техникалык каражаттар бөлүү менен республиканын билим берүү тармагына көмөк көрсөтүп келишет[11]. Кыргызстандын борборунда АКШнын элчилигинин жаңы имаратынын курулушу да аяктап калгандыгын белгилей кетүүгө болот.

Бүгүнкү күндө Кыргызстан менен АКШнын ортосундагы мамилелер бир топ солгундап калгандыгы белгилүү жана эки өлкөнүн ортосундагы эки тараптуу кызматташуу алкагында ишке ашырылып жаткан программалар жокко эсе[12]. Ага карабастан америкалык фонддор, өкмөттүк эмес уюмдар демократияны куруу, жарандык коомду өнүктүрүү, адам укуктарын коргоо жана колдоо боюнча иш жүргүзүп келаткандыгы маалым.

Айрым маселелер боюнча пикир келишпестиктерге (америкалык “Ганси” авибазасынын чыгарылып кетүүсү, Макулдашууларды денонсациялоо) карабастан, обьективдүү себептерге байланыштуу, эки өлкөнүн ортосундагы мамилелердин уланууcу төмөнкү себептер менен шартталган: АКШ мамлекетинин Борбордук Азиядагы узак мөөнөттүү кызыкчылыктарынын жана Кыргызстандагы америкалык инфраструктуранын болушу, Кыргызстандын саясий элитасынын региондогу бардык глобалдуу акторлор менен мамилелерди орнотуу аракети, кыргыз саясий элитасынын айрым бөлүгүнүн батышчыл маанайы жана байланыштары, акырында республиканын региондогу маанилүү геосаясий абалы.

Кыргызстан менен АКШнын ортосундагы мамилелер өзгөрүү процессинде, бирок алардын вектору аныкталган. АКШнын Борбордук Азиядагы башка мамлекеттер менен болгон мамилесине салыштырмалуу, эки өлкөнүн ортосундагы мамилелердин учурдагы абалын “нормалдуу” катары белгилөөгө болот [13].

АКШнын Кыргызстандагы элчиси Шейла Гуолтни белгилеп кеткендей “Кыргыз Респу-

---

[9]https://www.kgembassy.org/ru.

[10]АйдаркулКаана. Международные отношения кыргызов и Кыргызстана: история и современность. Бишкек, 2002. 80-бет

[11]Закиров М А. Развитие кыргызско-американских отношений. Б.2010.12-б.

[12]М.Иманалиев. Кыргызско-американские отношения: что это такое?https://akipress.org/

[13]Кулматова Г.К. Отношения Кыргызстана с государствами Запада.-М.2014

бликасы менен Америка Кошмо Штаттарынын ортосундагы эки тараптуу мамилелер өз ара урматтоо принциптерине негизделген жана эки өлкөнүн жыргалчылыгына багытталган чоң потенциалга ээ жана Кыргызстандын экономикалык туруктуу өнүгүүсү үчүн маанилүү болгон саламаттыкты сактоо, билим берүү жана айыл чарбасы тармактарында биргелешкен долбоорлор ийгиликтүү жүзөгө ашырылууда”[14].

Ал эми АКШ жана Кыргыз Республикасынын мындан аркы эки тараптуу кызматташуусун өнүгүсүнө буга чейинки маданий-гуманитардык жана башка сфералардагы калыптанган мамилелер жана жетишкендиктер негиз болоору талашсыз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Айдаркул Каана. Международные отношения кыргызов и Кыргызстана:
2. История и современность. Бишкек, 2002. С. 80
3. Абдрисаев Б. Кыргызстан и США: новые горизонты сотрудничества//АКИ-press-2014- №10
4. Бейшеналиев А. Б. Кыргыз Республикасы менен АКШ мамлекетинин ортосундагы билим берүү жаатындагы кызматташтык:приоритеттер, негизги факторлор жана натыйжалар.// БГУ жарчысы. – Бишкек, 2014. №4.
5. Бейшеналиев А. Б. АКШ мамлекети менен Кыргыз Республикасынын маданий кызматташтыгындагы айрым көйгөйлүү маселелер. // Известия вузов. –Бишкек, 2015 №2
6. Закиров М А. Развитие кыргызско-американских отношений. Б.2010.с-12
7. Кулматова Г.К. Отношения Кыргызстана с государствами Запада.-М.2014
8. https://rus.azattyk.org/
9. https://www.kgembassy.org/ru.
10. http://kabar.kg/news/